Болотов менен Наташа Байкова душмандын тылына жиберилди. Аларга эң жооптуу тапшырма берилди. Андан кийинкиси мына минтип башталат. (Жеңиш маршы. Салют жаңырыгы. Музыка.) [3, 194-196-бб.]

Бул — бир студент көркөм окуган пьесанын бир бөлүгү. Окулган текстке карата окутуучу студенттин сөз өздөштүрүүсүн текшерүү максатында ар кандай суроолорду берип, жоопторун алат.

Ошентип, пьесаны окууда пайда болуучу негизги принциптерди жана милдеттерди аныктоо үчүн, экспрессивдүү каражаттардын мүнөзүн сезүү үчүн төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз:

- конфликттин келип чыгышына жана өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү;
- конфликт эмне үчүн жана кимдин ортосунда жүрүп жатканын;
- кандай топтор конфликтке катышып жатканын жана конфликт кимдин атынан жүрүп жатканын;
- бул конфликтке катышкан ар бир каармандын ролун, анын жүрүм-турумун.

Драмалык чыгарманы талдоонун негизги принциптери жана ыкмалары студенттердин фантазиясын өнүктүрөт, сабакта эмоционалдык позитивдүү маанайды жаратат, биргелешип чыгармачылыкка жана өз ара жардамдашууга көмөктөшөт, подтекстин тереңдигине кантип кирүүгө үйрөтөт. Театралдык ыкмалар аркылуу студенттер драманы тереңирээк кабылдап, анын контекстин эле түшүнбөстөн, анын негизинде жаткан моралдык-этикалык принциптерди да кабыл алышат.

Колдонулган адабияттар

1. Аль Д. Н. Основы драматургии : учебное пособие / Д. Н. Аль. – Санкт-Петербург : Лань, 2019. – 218 с.
2. Белокурова С. П. Словарь литературоведческих терминов / С. П. Белокурова. – Санкт-Петербург : Паритет, 2006. – 314 с. – ISBN 5-93437-258-0.
3. Осмонов А. Чыгармалар жыйнагы : 2-том : поэмалар, пьесалар, макалалар, каттар, легендалар / А. Осмонов. – Фрунзе : Кыргызстан, 1965.
4. Хализев В. Е. Теория литературы : учебник / В. Е. Хализев. – 4-е изд., испр. и доп. – Москва : Высшая школа, 2004. – 405 с. – ISBN 5-06-005217-6.

Рецензент: педагогика илимдеринин доктору, профессор Кенжешев К.Д.

УДК 316.72:37(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-88-94

Жапсарбаева Н.Т., Абдраимов К.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Жапсарбаева Н.Т., Абдраимов К.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Japsarbaeva N.T., Abdraimov K.A.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0001-6432-2119

УЛУТТУК БААЛУУЛУК КЫРГЫЗ ЭЛИНИН УҢГУЛУУ ӨЗӨГҮНДӨ
НАЦИОНАЛЬНЫЕ ЦЕННОСТИ В ОСНОВЕ ДУХОВНОГО НАСЛЕДИЯ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА
NATIONAL VALUES AT THE CORE OF THE SPIRITUAL HERITAGE OF THE KYRGYZ PEOPLE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз элинин улуттук баалуулуктары катары «Манас» эпосу, достук, ынтымак, биримдик, адамгерчилик, тарбия, баарлашуу, табият, санжыра жана боз үй сыяктуу түшүнүктөр каралат. Ааламдашуу шартында улуттук баалуулуктарды сактоо, өнүктүрүү жана аларды кийинки муундарга жеткирүү маселесине көңүл бурулат. Кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүгүн, руханий-маданий мурасын жана иденттүүлүгүн сактоодо улуттук баалуулуктардын мааниси белгиленет. Ошондой эле улуттук баалуулуктардын маани-маңызын жаштарга жеткирүү жана аларды муундан муунга өткөрүп берүү зарылдыгы көрсөтүлөт.

Аннотация: В статье рассматриваются такие национальные ценности кыргызского народа, как эпос «Манас», дружба, согласие, единство, гуманизм, воспитание, общение, природа, генеалогия и юрта. Особое внимание уделяется вопросам сохранения, развития и передачи национальных ценностей последующим поколениям в условиях глобализации. Отмечается значение национальных ценностей в сохранении национальной самобытности, духовно-культурного наследия и идентичности кыргызского народа. Подчеркивается необходимость раскрытия их содержания и передачи молодому поколению.

Abstract: The article examines the national values of the Kyrgyz people, including the *Manas* epic, friendship, harmony, unity, humanism, upbringing, communication, nature, genealogy, and the yurt. Particular attention is paid to the preservation, development, and transmission of national values to future generations in the context of globalization. The article highlights the importance of national values in preserving the national identity, spiritual and cultural heritage, and distinctiveness of the Kyrgyz people. It also emphasizes the need to convey the meaning and significance of these values to younger generations.

Негизги сөздөр: улуттук баалуулуктар, «Манас» эпосу, менталитет, иденттүүлүк, адамгерчилик, руханий мурас, таалим-тарбия, санжыра, боз үй, ааламдашуу.

Ключевые слова: национальные ценности, эпос «Манас», менталитет, идентичность, гуманизм, духовное наследие, воспитание, генеалогия, юрта, глобализация.

Keywords: national values, «Manas» epic, mentality, identity, humanism, spiritual heritage, upbringing, genealogy, yurt, globalization.

Киришүү. Учурда Кыргыз Республикасынын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана руханий-идеологиялык өнүгүүсүн заманбап ыраатка салуу, жолду туура аныктоо зарылчылыгы келип чыкты. Андыктан мамлекеттин атын алып жүргөн түпкүлүктүү улуттун өзгөчөлүгүнө, кулк-мүнөзүнө, менталитетине таянуу менен өнүгүү мамлекеттин келечектүүлүгүн аныктайт. Элибиздин материалдык жана руханий баалуулуктарын барктап, мурастуулуктун эрежесин бекем сактап, бабалардын айкөлдүк жолунан тайбай, кыргыз көчүнүн улуу жолун улантуу менен туура багыт алышыбыз керек. Коомдо баалуулуктарыбыздын тең салмактуулугун сактоо туура өнүгүүгө өбөлгө болот.

Чыгыш элдеринин ичинде эң байыркы, түптүү, нарктуу кыргыз элибиз меймандостугунан жазбай, кылымдан кылымга жашап келет. Тарыхы тереңге кеткен кыргыз элибиз — руханий кенчи бай, барга-жокко чыдамкай, башына иш түшсө бириге калып ынтымакка келген, жоокер мүнөз, кең пейил, салтын карманган сабырдуу эл.

Бүгүнкү күндө доор өзгөрүп, дүйнө саясий, экономикалык, руханий кризиске кабылууда. Ушундай шартта улутубуздун өзөгү, баштапкы уңгу жолу болгон элибиздин улуттук баалуулуктарын кайрадан кайтарып, пайдаланышыбыз керек. Ар бир элдин таяныч идеологиялык баалуулуктары болгондой эле, кыргыз элинин идеологиясынын түбүн түптөгөн таяныч баалуулуктары, руханий негизин кармап турган түркүктөрү бар. Алар — айкөлдүк, көсөмдүк, ыймандуулук, адилеттик, меймандостук сыяктуу кыргыздын мүнөзүн чагылдырып, жашоо-турмушун айгинелеп турган баалуулуктар. Улуттук өзгөчөлүгүбүздү, кулк-мүнөзүбүздү, менталитетибизди, иденттүүлүгүбүздү аныктап, айырмалап турган кыргыз философиясынын өзөгүнө сиңирилген даанышмандыгыбыз менен сыймыктанууга болот.

Улуттук баалуулуктарыбыздын башатында, албетте, «Манас» эпосу турат. «Манас» — бул кыргыздын кылымдардан кылымдарга түптөп келген баалуулуктарын чагылдырган маданий мурас. Кыргыз элибиз түбөлүктүн кыял жетпес түпкүрүнөн куюлуп турган аруулуктун аурасы, улуу сөз өнөрүнүн магиялык туу чокусу болгон мухиттей чалкыган «Манас» эпосун жаратты. Көркөмдүк көлөмү жагынан теңдеши жок «Манас» эпосу ааламды жарып, түбөлүктүн коңгуроосу сыяктанат. «Манас» эпосу — руханий баалуулуктардын булагы. Элдин түшүнүгүндө Манас жалпы кыргыз элинин медери, таянар тоосу, душмандардан сактаган чеби. Манас — бийик гуманизмди алып жүргөн инсан. Ага карата колдонулган «айкөл» деген сапат анын жогорку адамгерчилигин, кең пейилдигин айгинелеп турат. Манас турган турпаты менен кыргыз адамынын реалдуу да, идеалдуу да үлгүсү. Демек, «Манас» эпосу Чыңгыз Айтматовдун сөзү менен айтканда, «Канткенде адам уулу адам болот?» деген улуу ойго негизделип, [1, 25-б.], идеалы бийик образдарды жаратып, аларды муундан муунга өткөрүп, кийинки муундар үчүн гумандуулуктун мектеби болуп келет.

Ошондой эле эпосто достук да кеңири даңазаланат. Айрыкча коңшулаш элдер менен болгон ынтымак, бир максатка умтулуу жана достук баса белгиленет. Манас үчүн баарынан улуу, ыйык салт — бул достук, тилектештик. Манастын бул сапаттары анын Алмамбет менен болгон достук мамилесинен жана тили тектеш түрк калктарынын башын кошуп, ынтымакка келтирүүгө умтулуусунан көрүнөт. Элдин күчү, бүтүндүгү — ынтымакта. «Ынтымак, биримдик болбосо, өз ичинен бузулса, бири-бирин артка тартса, миң да болсо кырылат», — дейт эпосто. «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет» деген осуят сөз эл арасында накыл кепке, макалга айланып, турмушта кеңири пайдаланылып келет.

Баалуулуктардын бири — биримдик. Улутта биримдик болсо, экономикасы, маданияты гүлдөйт, өсөт, цивилизациянын эң бийик чокусуна бет алат, рухий дүйнөсү көкөлөйт. «Бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган» биримдикте жашасак, «Манас» эпосу бизге идея кылып айткан бөлүнүүдөн алыс болобуз. «Маната» тарыхый тамырды сезүү, өзүн-өзү аңдап түшүнүү кыйла өнүккөн. Ар дайым дили, тили бирге канатташ элдер менен баш кошууга, биримдикте болууга умтулушат. Манастын атасы кан Жакып мындай дейт:

«Анжыян менен Алтайга
Атайын кабар салайын,
Ага-инимдин баарысын
Башын кошуп жыяйын.
Кашкар деген кыштак бар,
Кабак-Арт менен Сары-Колдо
Кабырга тууган кыпчак бар...» [1, 26-б.]

Чынында эле, «Маната» казактан Көкчө, кыпчактан Үрбү, түркмөндөн Музбуурчак, өзбектерден Санжыбек ж.б. бир атанын балдарындай болуп, кыйын кезде ийгилик, жеңиш, ынтымак жана коопсуздук үчүн тикелеринен тик турушат. «Маната» достук, ынтымак идеясы жалаң түрк калктарынын тилектештиги менен гана чектелбейт. Боордоштук — «Манастын» тышкы дүйнө менен гармонияда, биримдикте болуу жөнүндөгү глобалдык идеясынын бир бөлүгү десек, жаңылышпайбыз.

«Манас» эпосунда көккө жеткире көкөлөтүп даңазаланган өзөктүү осуяттардын бири – адам жана адамгерчилик. «Манас» эпосу бул жагынан, айрыкча, баланы жарык дүйнөгө алып келип, бапестеп баккан аял-энени, анын асыл эмгегин даңктоо, адамга бийик урмат жана кең пейил мамиле жасоо жагынан бүгүнкү урпак үчүн улуу нуска болуп саналат.

Эпосто элдин өзүн-өзү таануусу, акыл-эси, ар-намысы, ата журтту, мекенди коргоо өңдүү көптөгөн түшүнүктөр камтылган. Кыргыздар – илгертен эле мамлекет, каганат курган эл. Кыргызстан – Батыш менен Чыгыш цивилизациялары тогошкон, ар түрдүү маданий баалуулуктар айкалышкан куттуу жер. Кыргыз элинин мүнөзүнө кең пейилдик, айкөлдүк мүнөздүү.

Элибиздеги дагы бир баалуулук – тарбия. Кыргызда «Тарбия бар жерде ийгилик бар» деген накыл сөз бекеринен айтылбаса керек. Тарбия бала эненин курсагында жаткан кезден башталат дешет. Бул – илгертен келе жаткан, өзүнүн наркын, күчүн азыркыга чейин жоготпогон акылман сөз. Кандай

гана максат болбосун, анын туу чокусуна жетүү үчүн жогорку деңгээлдеги тартиптүүлүк талап кылынат. Мындай тарбиялык принциптер жаш муундун келечекте инсан катары калыптанышына өбөлгө түзөт. Мисалы, «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат», «Жакшы болсоң, жатык бол» деген сыяктуу накыл кептерибиз келечек муунду адеп-ахлакка, адамгерчиликке, боорукерликке тарбиялайт [2].

Көрөңгөлүү кыргыз эли эзелтеден бери баланы тарбиялоодо ур-соккуну, зордук-зомбулукту, кысым көрсөтүүнү эмес, санжыргалуу сөз берметтерин, макал-ылакаптарды, тамсилдерди, табышмактарды, жаңылмачтарды, жомокторду, учкул сөздөрдү, түрдүү ырларды колдонуп келген. Көчмөн кыргыз эли көчүп-конуп, мал менен киндиктеш жашап, кыштын узун түндөрүндө күйүп турган коломтону тегеректеп отурган балдарына жомокторду, табышмактарды, жаңылмачтарды айтып беришкен. Ушундай кичинекей угармандардан кийин эл баштаган эрендер, кол баштаган көсөмдөр өсүп чыккан.

Кыргыз элинде наристе жарык дүйнөгө келгенден тартып ата-эненин негизги милдеттеринин бири – тукум улап, перзентин чоңойтуп, ага татыктуу тарбия берип, эрезеге жеткирүү болгон. Ата-бабаларыбыз эзелтеден бери «Балалуу үй – базар, баласыз үй – мазар» деп, жашоосун баласыз элестете алышкан эмес. Ошондуктан бабаларыбыздын бактылуулук жөнүндөгү түшүнүгү алгач бала менен байланышкан. «Жакшы кыз – жакадагы кундуз, жакшы уул – көктөгү жылдыз» деген макал да бекеринен айтылган эмес. Мындай мааниси терең ойлор таалим-тарбиянын, нарк-насилдин, урмат-сыйдын топтому болгон.

Кыргыз эли кылымдар бою жаш муундарды ыйманга, адептүүлүккө тарбиялоонун көөнөрбөс үлгүлөрүн муундан муунга оозеки түрдө өткөрүп, руханий маданиятты бекемдеп келген. Элдик педагогиканын бай үлгүлөрү эл арасында сакталып, азыркы күндө да өз маанисин жоготпой келет. Элибиз байыртадан таалим-тарбияга чоң маани берип, ыйман-ызатты абдан аздектеген. Улууну урматтоо, кичүүнү ызаттоо жогорку деңгээлде болгон. Укумдан тукумга уланып келе жаткан бабалардан калган накыл сөздөр, жаштарга таалим-тарбия берүүчү окуялар, жөө жомоктор, уламыштар, макал-лакаптар, ал тургай тамашалар да балдарды тарбиялоодо чоң мааниге ээ болгон [2].

Учурда жаштарга өзгөчө тарбия берүү маселеси негизги көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Техниканын тез өнүгүшүнүн натыйжасында жаштар виртуалдык байланыштарга алаксып, адабий чыгармаларды аз окуп баратканы алардын руханий-адамгерчилик сапаттарына терс таасирин тийгизип, мээримдүүлүк, кайрымдуулук сыяктуу асыл сапаттардын солгундашына алып келбейби деген тынчсыздануу жаратат. Заман улам өзгөргөн сайын коом билимдүү, гумандуу, интеллектуалдык деңгээли жогору, руханий дүйнөсү бай, улуттун тагдырына күйгөн жаштарга муктаж болуп баратат. Ата-бабаларыбыз калтырып кеткен улуу мурастарыбызды, каада-салттарыбызды, тарыхыбызды унутта калтырбоо зарыл [6]. Айтматов өзүнүн чыгармаларында тарыхый эс-тутумунан, руханий башатынан ажыраган адамдын образын «маңкурт» түшүнүгү аркылуу ачып берген [7]. Руханий-адептик тарбиялоо ишинде атайын иштелип чыккан принциптерди жетекчиликке алып, аларды ыктуу пайдалануу оң натыйжа берет.

Тарбия – бул үй-бүлөдөгү жылуу мамиле, жагымдуу чөйрө. Чоңдор менен ар түрдүү мамиле түзгөндөй эле, балдар менен да туура мамиле түзө билишибиз керек. Элибизде «Бешиктеги баланын бек болорун ким билет, карындагы баланын хан болорун ким билет» деп айтылат. Тарбия – балага турмуштун маанисин түшүндүрүп, наркотуулукка, сабырдуулукка, кең пейилдикке, эмгекчилдикке үйрөтүү, анын келечек тагдырына алдын ала кам көрүү. Ата-эненин түйшүгүн бала да бөлүшүп, үй-бүлөнүн бактысы үчүн өз деңгээлинде жоопкерчиликтүү болууга үйрөнүшү зарыл.

Окумуштуулар дүйнөдөгү көптөгөн терс көрүнүштөр адамдардын өзүмчүлдүгү, адилетсиздиги, мансапкорлугу, ошондой эле балдарды тарбиялоодогу шарттардын бирдей эместиги менен байланыштуу экендигин белгилешет. Бирок ата-эненин сүйүүсү, мээрими, алардын балдары менен дайыма баарлашып турушу балага аба, күн нуру жана суудай эле керек. Ошондуктан бала коомдук тарбия менен айкалышкан үй-бүлөлүк тарбиясыз толук кандуу өсүп-жетиле албайт.

Кыргыз элинде жетим баланы кароосуз калтырбай, аны «жетим» деген сөз менен басмырлабай, багып-өстүрүп келишкен. Ушундай шартта чоңойгон балдардын арасынан тарыхта белгилүү инсандар чыккандыгына көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Элибизде байыртадан «Элдин уулу болуш кымбат, атанын уулу болуш урмат» деп айтылып, «эл уулу бол», «эл кызы бол», «элдин адамы бол» деген түшүнүктөр бийик нарк-нуска, зор дөөлөт катары баалanган.

Балдарды сүйөлү, алтын бербейли – адеп берели, акча бербейли – максат, дем, күч, ишеним берели. Аларга эли-жери, салт-санаасы, нарк-насили, тили, маданияты бар экенин түшүндүрүп, улуу инсандардын өрнөктүү өмүрүн айтып, бийиктикке үндөйлү. Улуттук идеологиянын майнаптуу, таасирдүү жолун таап, билим-тарбия ишин кынтыксыз иштеген системага айландыра албасак, ансыз да аралашып бараткан азыркы дүйнөдө кыргыз элинин өз жүзүн сактап калышы кыйын.

Балдардын жан дүйнөсүнө төрөлгөндөн баштап адеп-ахлактык нарктар, улутубуздун руханий баалуулуктары, ыйык идеялары үй-бүлөдөгү ата-эне, бир туугандар, бала бакчадагы балдар жана мектептеги теңтуштар менен баарлашуу аркылуу сиңирилет. Балдардын руханий баалуулук багыттарынын өнүгүп-өсүшүндө ата-эненин балага болгон мээримин, камкордугун эч нерсе алмаштыра албайт. Жаштардын улууларга салам бериши, үйгө карыя киргенде ордунан туруп ызаат көрсөтүшү, ардактуу орунга отургузуп, аш-тойлордо атайылап устукан тартуусу сыяктуу жөрөлгөлөр улууларды сыйлоо кыргыз элинин адептик-этикалык маданиятынын негизги эрежелеринин бири экендигинен кабар берет [3; 9].

Кийинки баалуулуктарыбыздын бири – табият. Табият – улуттук дүйнө таанымдын булагы. Ал тынымсыз өзгөрүп, жаңыланып, өнүгүп турган жандуу дүйнө. Байыркы мезгилдерден бери ата-бабаларыбыз табияттын табышмактуу сырларын билүүгө аракеттенип, асмандагы ай-жылдыздарга, жыл мезгилдеринин алмашуусуна байкоо жүргүзүп, топтолгон тажрыйбасын күнүмдүк турмушунда пайдаланып келген. Ата-бабаларыбыз табиятты ыйык тутуп, ага аяр мамиле жасаган.

Адамдын жаратылышка жасаган мамилеси анын адептик жана руханий сапаттары менен тыгыз байланышта. Элдик оозеки чыгармаларда жаратылыш менен адамдын ажырагыс байланышы, табиятка келтирилген зыян адамзатка да терс таасирин тийгизери эскертилип, «Чөптү кор тутса, көзгө зыян» деп, айлана-чөйрөнү таза сактоого үндөп келишкен. Адам – табияттын бир бөлүгү. Ал табиятсыз жашап, күн кечире албайт [5].

Кыргыз эли табиятка тамырлаш, жаратылышка шайкеш жашаган. Табият менен эриш-аркак өмүр сүргөн кыргыз эли Жараткандын керемети катары отту, сууну, абаны, жерди өзүнөн бөлүп карабай, аларды жандуу кабылдап, жаратылыш менен бир бүтүндүктө жашап келген. Табият – жашоонун негизи, өмүр булагы. Жаратылыш мыйзамдарын аяр сактоо – адамдын парзы. Туура жашоо – табият мыйзамдарын сыйлоо деген сөз. Табиятка жасаган мамиле жана анын сулуулугун баалай билүү адамдын билиминин жана руханий деңгээлинин көрсөткүчтөрүнүн бири болуп саналат.

Адам табиятка зыян келтирип, ага аяр мамиле жасабаса, анын терс кесепеттери кайрадан адамзаттын өзүнө таасирин тийгизет. Мындай идеяны «Кожожаш» эпосунан, Ч. Айтматовдун «Кыямат» романынан жана башка чыгармалардан да кездештирүүгө болот. Элдик эсепчилер, жайчылар жөнүндөгү түшүнүктөр улуу «Манас» эпосунан тартып көлөмү чакан элдик чыгармаларда да чагылдырылган. Асмандагы ай, ай аттары, Үркөр топ жылдызы, кышкы чилде, жыл мезгилдери, мүчөл жыл эсеби жөнүндөгү элдик билимдер ата-бабаларыбыздын жаратылышка кылымдар бою жүргүзгөн байкоолорунун жана топтогон тажрыйбасынын негизинде калыптанган.

Адамдын өткөн менен азыркыны, азыркы менен келечекти байланыштыруучу улуу озуйпасы «Манас» эпосунда даана берилген. Эпостун варианттарында Манастын ата-тегинин санжырасы баяндалат. Санжыра – элдин ата-теги, уруу-уруктук түзүлүшү жана тарыхый эс-тутуму тууралуу муундан муунга оозеки түрдө берилип келген маалыматтардын жыйындысы. Ошол себептүү кыргыз элинде «Жети атасын билбеген – жетесиз» деген сөз бар. Ар бир адам, өзгөчө кийинки муундагы жаштар өзүнүн ата-тегин, элибиз байыртан сактап келген ата мурасы болгон санжыраны билип-үйрөнүү аркылуу ата-бабалары тууралуу маалымат ала алышат.

Санжыра – элдин тарыхый эс-тутумун, өткөн турмушун жана ата-теги жөнүндөгү түшүнүктөрүн чагылдырган оозеки мурас. Ошондуктан ал башка тарыхый маалыматтар менен салыштырылып, элдин өткөнүн изилдөөдө маанилүү булактардын бири катары пайдаланылышы мүмкүн. Эл оозунда муундан муунга айтылып келген кыргыз санжырасы бүгүнкү ааламдашуу шартында улуттук тарыхый эс-тутумду сактоого жана муундардын байланышын бекемдөөгө кызмат кылган руханий мурастардын бири болуп саналат.

«Манас» эпосунда да чачылган кыргыз уруулларынын башын кошуп, элдин биримдигин чыңдоо идеясы кеңири чагылдырылган. Бабалардын өмүрү – кийинки муундар үчүн өрнөк. Алардан калган ак пейилдик, чыдамдуулук, эрктүүлүк, боорукерлик, айкөлдүк, акылмандык, көрөгөчтүк, өз элинин келечегине кам көрүү, улуттун намысын бийик тутуу сыяктуу сапаттар бүгүнкү муун үчүн да маанилүү. Эл ичи – казып бүткүс казына, соолубас булак, бөксөрбөс деңиз. Байыртан келе жаткан ата сөзү, эне наркы, мурас болгон дөөлөттөр муундан муунга өтүп, бизге баалуу мурас катары жеткен.

Ар бир элдин тарыхый өнүгүү жолуна, маданиятына жана жашоо-тиричилигине байланыштуу өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болот. Айрым элдердин улуттук маданиятында эмгекчилдикке, билимге, салт-санааны сактоого өзгөчө маани берилет. Мындай баалуулуктар элдин тарыхый жана маданий өнүгүүсүндө маанилүү орун ээлейт.

Кыргыз эли да кылымдар бою өзүнүн тилин, салт-санаасын, маданиятын жана улуттук өзгөчөлүктөрүн сактап келген. Мисалы, боз үйдүн түзүлүшүндө кыргыз элинин байыртан берки тарыхы, тиричилиги, салт-санаасы, маданияты, дүйнө таанымы жана кол өнөрчүлүгү чагылдырылган. Боз үйдөгү бакан тиричиликте колдонулуучу буюм болуу менен бирге элдик түшүнүктө символдук мааниге да ээ. Боз үйдүн башка бөлүктөрү жана андагы буюмдар да кыргыз элинин турмуш-тиричилиги, дүйнө таанымы менен тыгыз байланышкан.

«Уугум, сага айтам, уулум, сен ук; керегем, сага айтам, келиним, сен ук» деген элдик накылда да боз үйдүн бөлүктөрү аркылуу адамга кыйыр түрдө акыл-насаат айтуу салты чагылдырылган. Кыргыз элинин боз үйү, улуттук кийимдери, түркүн сайма буюмдары, ала кийиз, шырдакка түшүрүлгөн керемет оюулар менен көчөттөр, алтын-күмүштөн жасалган зергер буюмдар элибиздин эстетикалык табитин, көркөм ой жүгүртүүсүн жана салттуу кол өнөрчүлүк маданиятын айгинелейт.

Корутунду. Кыргыз элин «Манас» эпосунан, комуз күүсүнөн, төкмөлүк өнөрүнөн, сөз маданиятынан, улуттук кол өнөрчүлүгүнөн, салттуу аңчылык жана ат өнөрүнөн бөлүп кароо мүмкүн эмес. Бул руханий жана маданий мурастар элдин тарыхый эс-тутумун, дүйнө таанымын жана улуттук өзгөчөлүгүн чагылдырат. Ошондуктан улуттук өзөк-тамырды сактоо жана аны кийинки муундарга жеткирүү коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп саналат.

Кыргыз элине таандык кең пейилдик, жөнөкөйлүк, сезимталдык, айкөлдүк сыяктуу сапаттар кылымдар бою калыптанган улуттук дүйнө тааным менен тыгыз байланышта. Кыргыз деген улуу аттын наркын, баркын, салт-санаасын терең түшүнүп, улуттук тилди, маданиятты жана руханий баалуулуктарды аздектөө аркылуу жалпы адамзаттык руханий казынага өз жүзүбүздү жоготпой салым кошо алабыз.

Ааламдашуу шартында кыргыз элинин улуттук дүйнө таанымы кандай өнүгөт, тарыхый жана маданий мурастар кийинки муундарга кандай жеткирилет деген суроолорго жооп издөөдө улуттук баалуулуктарга кайрылуу өзгөчө мааниге ээ. Ата-бабалардан калган руханий мурастарды таанып-билүү, сактоо, өнүктүрүү жана аларды заман талабына ылайык кийинки муундарга жеткирүү – бүгүнкү күндүн маанилүү милдеттеринин бири.

Демек, улуттук баалуулуктар жана руханий түшүнүктөр элдин тарыхый эс-тутумунда, тилинде, маданиятында, каада-салтында жана дүйнө таанымында жашайт. Аларды сактоо менен бирге заман талабына ылайык өнүктүрүү кыргыз маданиятынын уланмалуулугун камсыз кылып, анын жалпы адамзаттык маданияттагы ордун бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Абдиева Ж. К. «Манас» эпосу – руханий баалуулуктардын булагы // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2013. – 24–26-бб.
2. Абдраева Н. Э. Балдар адабияты – балдардын инсан болуп калыптануусуна зор өбөлгө // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – 2013. – 32–34-бб.
3. Койлубаева Н. К. Адептүүлүккө тарбиялоодо баарлашуунун ролу // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2013. – 364–367-бб.
4. Сулайманкулова Ж. К. Нарк-насилдин жоголгон баалуулуктарын кайра жаратуу педагогдорубуздун күн тартибиндеги башкы маселелеринен // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2013. – 601–603-бб.
5. Табалдиева Ч. Б. Кенже өспүрүмдөрдү экологиялык жактан тарбиялоонун мазмуну жана критерийлери // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. – 2013. – 692–695-бб.
6. Асаналиева М. М. Руханий маданияттуулукту өнүктүрүүнүн көйгөйлөрү // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – 2020. – № 2 (51). – 130–132-бб.
7. Муратов А. Ж. Чыңгыз Айтматов – этнопедагог // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2018. – II бөлүк. – 93–100-бб.
8. Абдырасулова Ж. С. Ч. Айтматовдун «Кыямат» романынын жаштарга тарбия берүүдөгү мааниси // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2018. – 2-бөлүк. – 123–127-бб.
9. Назаралиева Ш. Ж. Адам көркү – адеп. – Бишкек, 2011.

Рецензент: тарых илимдеринин доктору Жапаров А. З.

УДК 81.42
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-94-101

Жороева А. Р.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Жороева А. Р.
Ошский государственный педагогический университет
Zhoroeva A. R.
Osh State Pedagogical University

ДИАХРОНДУК ЖАНА СИНХРОНДУК ЛЕКСИКАЛЫК ӨЗГӨРҮҮЛӨР
ДИАХРОННЫЕ И СИНХРОННЫЕ ЛЕКСИЧЕСКИЕ ИЗМЕНЕНИЯ
DIACHRONIC AND SYNCHRONIC LEXICAL CHANGES

Кыскача мүнөздөмө: Макалада кыргыз тилиндеги инсандык сапаттарды туюнткан лексиканын диахрондук жана синхрондук аспекттеги өзгөрүүлөрү ар тараптуу талдоого алынат. Диахрондук планда сапаттык лексиканын тарыхый өнүгүүсү, семантикалык трансформациясы, унутулуп бара жаткан жана активдүү маанисин жоготкон сөздөрдүн мисалдары каралат. Кыргыз элинин эпосторунда, эски жазма булактарда жана оозеки поэтикалык мурастарда кездешкен «ар», «асыл», «эр» сыяктуу түшүнүктөрдүн семантикалык динамикасы коомдук-маданий факторлор менен байланышта талданат. Синхрондук аспектиде заманбап тилдик кырдаалдын, глобалдашуунун, массалык медианын жана санариптик коммуникациянын, ошондой эле жаш муундун баалуулуктарынын таасири астында калыптанган жаңы сапаттык лексемалардын — англицизмдердин, интернационализмдердин жана неологизмдердин — активдешүүсү көрсөтүлөт. «Креативдүү», «проактивдүү», «харизматичный», «токсичный» сыяктуу сөздөрдүн функционалдык-стилистикалык өзгөчөлүктөрү жана коомдук баалоодогу ролу белгиленет. Диахрондук жана синхрондук усулдарды айкалыштырып талдоо сапаттык лексиканын коомдук аң-сезимдеги ордун терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берип, тилдин